# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ

# “Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ” ИЛИМИЙ БИЛИМ БЕРҮҮ ӨНДҮРҮШТҮК КОМПЛЕКСИ

Жобо ЖАМУнун
Окумуштуулар кеңешинде
каралып, бекитүүгө сунушталган.
Протокол №__5_____
“31” __01_______ 2025-ж.

БЕКИТЕМ
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
ректору, профессор
_______________ К.Үсенов
“_____” _____________ 2025-ж.

# ДЕН СООЛУГУНУН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ ЧЕКТЕЛГЕН СТУДЕНТТЕР ҮЧҮН ЭКЗАМЕНДЕРДИ ӨТКӨРҮҮ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

Жалал-Абад-2025

## I. Жалпы жоболор

1.1. Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде (мындан ары - ЖАМУ) окуган мүмкүнчүлүгү чектелген студенттердин окуу жетишкендиктерин учурдагы көзөмөлдөө, жыйынтыктоочу (семестрдик) аттестациялоону өткөрүү жөнүндөгү ушул Жобо (мындан ары - Жобо) ар бир семестрдеги окуу жетишкендиктерин учурдагы көзөмөлдөөнүн, аралыктык (рубеждик) жана жыйынтыктоочу аттестацияны өткөрүү тартибин, анын ичинде жүйөлүү себептер менен аралыктык (рубеждик) жана жыйынтыктоочу (семестрдик) аттестациядан өтпөгөн же академиялык карызы бар студенттер үчүн тийиштүү сыноолорду өткөрүү мөөнөттөрүн белгилөө тартибин; аралыктык (рубеждик) жана жыйынтыктоочу аттестацияны өткөрүүнүн мезгилдүүлүгүн; билим берүү программасын ак ниеттүү өздөштүрүү жана окуу планын аткаруу боюнча милдеттерин аткарбагандыктан Жалал-Абад мамлекеттик университетинде (мындан ары - ЖАМУ) студенттерди окуудан чыгарууну аныктайт.

1.2. Жобо төмөнкү документтердин негизинде иштелип чыккан:

- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" 2003-жылдын 30-апрелиндеги N 92 Мыйзамы (2017-жылдын 8-июнуна карата өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен);
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы №346 "Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын студенттеринин учурдагы көзөмөлүн жана аралыктык аттестациясын өткөрүү жөнүндө жобо" токтому;
- Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары - ЖББ МБС);
- Жогорку окуу жайынын Уставы жана ЖАМУнун башка локалдык ченемдик актылары.

1.2. Ушул Жобо ЖАМУда ишке ашырылып жаткан адистиктер жана багыттар боюнча жогорку билим берүү деңгээлиндеги билим берүү программаларын (мындан ары - БП) ишке ашырууну камсыз кылган бардык структуралык бөлүмдөр тарабынан милдеттүү түрдө колдонулууга тийиш.

## II. Мүмкүнчүлүгү чектелген студенттер үчүн жыйынтыктоочу аттестацияны (экзамендерди) өткөрүү тартиби

2.1. Мүмкүнчүлүгү чектелген студенттерди жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарды билим берүү программалары боюнча окутуу ЖАМУда мындай студенттердин психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн, жеке мүмкүнчүлүктөрүн жана ден соолугунун абалын эске алуу менен жүзөгө ашырылат. Мүмкүнчүлүгү чектелген студенттерге жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарга билим берүү башка студенттер менен биргеликте, ошондой эле өзүнчө топтордо же өзүнчө уюмдарда уюштурулушу мүмкүн.

2.2. Жыйынтыктоочу аттестацияны өткөрүүдө төмөнкүдөй жалпы талаптардын сакталышы камсыз кылынат:

- мүмкүнчүлүгү чектелген майып студенттер жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн жыйынтыктоочу аттестацияны ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелбеген студенттер менен бир аудиторияда өткөрүү, эгерде бул студенттер үчүн аралыктык жана жыйынтыктоочу аттестациядан өтүүдө кыйынчылыктарды жаратпаса;
- аудиторияда майып студенттерге жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарга алардын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен керектүү техникалык жардамды көрсөтүүчү (жумуш ордун ээлөөгө, жылууга, тапшырманы окуп жана тариздөөгө, экзаменатор менен баарлашууга) ассистенттин катышуусу;
- майып студенттер жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын жыйынтыктоочу аттестациядан өтүүдө алардын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен керектүү техникалык каражаттарды колдонуусу;

- майып студенттердин жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын аудиторияларга, дааратканаларга жана башка жайларга тоскоолдуксуз кирүүсүн, ошондой эле алардын көрсөтүлгөн жайларда болуусун камсыз кылуу (пандустардын, кармагычтардын, кеңейтилген эшик алкактарынын, лифттердин болушу, лифттер жок болсо аудитория биринчи кабатта жайгашуусу керек, атайын отургучтардын жана башка жабдуулардын болушу).

2.3. Мүмкүнчүлүгү чектелген студенттердин жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдын жазуу жүзүндөгү арызы боюнча учурдагы жана аралыктык аттестацияны тапшыруунун узактыгы белгиленген узактыкка карата узартылышы мүмкүн:

- жазуу түрүндө өткөрүлгөн учурда - 90 мүнөттөн ашык эмес;
- оозеки түрүндө өткөрүлгөн учурда - 20 мүнөттөн ашык эмес;
- компьютердик тестирлөө учурунда дисциплинага жараша 40 мүнөттөн 60 мүнөткө чейин. Зарыл болгон учурда студенттерге мобилдик түзүлүштөрдү ж.б. колдонуу менен отчетторду аралыктан тапшырууга уруксат берилет.

2.4. Мүмкүнчүлүгү чектелген студенттердин жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын жеке өзгөчөлүктөрүнө жараша, ЖАМУ экзамен өткөрүүдө төмөнкү талаптардын аткарылышын камсыз кылат: а) сокурлар үчүн:

- экзамен тапшыруу үчүн тапшырмалар жана башка материалдар Брайлдын рельефтик-чекиттүү шрифти менен же сокурлар үчүн атайын программалык камсыздоосу бар компьютердин жардамы менен жеткиликтүү болгон электрондук документ түрүндө таризделет, же ассистент тарабынан окулуп берилет;
- жазуу жүзүндөгү тапшырмалар майып студенттер жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар тарабынан Брайлдын рельефтик-чекиттүү шрифти менен кагазга же сокурлар үчүн атайын программалык камсыздоосу бар компьютерде аткарылат, же ассистентке диктовка кылынат;
- зарыл болгон учурда майып студенттерге жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарга жазуу буюмдарынын комплекти жана Брайлдын рельефтик-чекиттүү шрифти менен жазуу үчүн кагаз, сокурлар үчүн атайын программалык камсыздоосу бар компьютер берилет;

б) начар көргөндөр үчүн:

- экзамен тапшыруу үчүн тапшырмалар жана башка материалдар чоңойтулган шрифт менен таризделет;
- 300 люкстан кем эмес жеке бирдей жарыктандыруу камсыз кылынат;
- зарыл болгон учурда майып студенттерге жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарга чоңойтуучу түзүлүш берилет, болгон чоңойтуучу түзүлүштөрдү колдонууга жол берилет;

в) дүлөйлөр жана начар уккандар, оор сүйлөө бузулуулары барлар үчүн:

- жамааттык колдонуудагы үн күчөтүүчү аппаратуранын болушу камсыз кылынат, зарыл болгон учурда студенттерге жеке колдонуудагы үн күчөтүүчү аппаратура берилет;
- алардын каалоосу боюнча экзамендер жазуу түрүндө өткөрүлөт;

г) таяныч-кыймыл аппараты бузулган (үстүнкү бутунун кыймылдоо функциялары оор бузулган же үстүнкү буттары жок) адамдар үчүн:

- жазуу жүзүндөгү тапшырмалар студенттер тарабынан атайын программалык камсыздоосу бар компьютерде аткарылат же ассистентке диктовка кылынат;
- алардын каалоосу боюнча экзамендер оозеки түрүндө өткөрүлөт.

2.5. Майып студент жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адам өзүнүн психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн, жеке мүмкүнчүлүктөрүн жана ден соолугунун абалын (мындан ары - жеке өзгөчөлүктөр) көрсөтүү менен, жыйынтыктоочу аттестацияны өткөрүүдө ал үчүн атайын шарттарды түзүү зарылдыгы жөнүндө эркин

формадагы жазуу жүзүндөгү арызды берет. Арызга бул студенттин жеке өзгөчөлүктөрүн ырастаган документтер тиркелет.
2.6. Студенттин арызынын негизинде декан/директор учурдагы жана аралыктык аттестацияны жекече тапшыруу графигин түзөт.
2.7. Институттун/колледждин декан/директору мүмкүнчүлүгү чектелген студенттер үчүн экзамендерди өткөрүүгө жоопкерчиликтүү болот.